УДК 37:378.1

**МУСАКУЛОВ Т.М.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ*
***Мусакулов Т.М.***
*КНУ им. Ж. Баласагына*
**MUSAKULOV T.M.**
*KNU J. Balasagyn*

# ДҮЙНӨЛҮК ТАЖРЫЙБАДА ДОКТОРДУК ДАРАЖАГА ДАЯРДООНУН БАТЫШ МОДЕЛДЕРИНИН ТҮРЛӨРҮ, ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

## Виды, сходства и различия западных моделей подготовки докторов наук в мировой практике

## Types, similarities and differences of Western models of training doctors of sciences in world practice

***Аннотациясы:*** *Бул илимий макалада сөз педагогика илиминин доктору (EdD) менен филосифиянын доктору (PhD) даражаларынын окшоштуктары жана айырмачылыктары жөнүндө болмокчу. Кыргызстан Болон билим берүү системасына киргенден баштап билим берүүдө түрдүү реформалар жүргүзүлө баштаган. Бул системанын талаптарына ылайык илимдин докторлорун даярдоонун жаңы жолдорун иштеп чыгуу зарылчылыгы пайда болуп, ал азыркы учурдун негизги маселелеринин бири болуп келе жатат.*

***Аннотация:*** *В этой научной статье будут рассматриваться сходства и различия между степенями доктора педагогических наук (EdD) и доктора философии (PhD). С тех пор, как Кыргызстан присоединился к Болонской системе образования, в сфере образовании были реализованы различные реформы. В соответствии с требованиями этой системы необходима разработка новых способов подготовки докторов наук, что является одной из актуальных проблем современности.*

***Abstract:*** *This research article will explore the similarities and differences between the Doctor of Education (EdD) and Ph.D. degrees. Since Kyrgyzstan joined the Bologna education system, various reforms have been implemented in the field of education. In accordance with the requirements of this system, it is necessary to develop new methods of training doctors of sciences, which is one of the urgent problems of our time.*

***Урунттуу сөздөр:*** *EdD, PhD доктордук даражалар, диссертация, альтернативдик даража, окшоштуктар жана айырмачылыктар.*

***Ключевые слова:*** *EdD, PhD степени доктора, диссертация, альтернативная степень, сходства и отличия.*

***Key concepts:*** *EdD, PhD doctoral degree, dissertation, alternative degree, similarities and differences.*

Кыргызстандын заманбап билим берүү тутумунун башкы милдеттеринин бири - бул докторантураны (PhD) мамлекеттин бүт аймагында толук кандуу жүзөгө ашыруу үчүн эң алгылыктуу шарттарды түзүү. Болон билим берүү системасын кабыл алгандан бери эле бул илимий көйгөй актуалдуу маселердин катарына кирээри күмөн жаратпайт.

Мындай жөнөкөй эмес маселеде дүйнөлүк деңгээлдеги, алдыңкы тажрыйбаларды эске алуу аркылуу бул ишти иш жүзүнө ашыруу туура болот деген ойдобуз. Андыктан бул маклада алардын кээ бирлерине токтолуп көрүүнү чечтик.

Бүткүл дүйнөлүк доктордук даражалардын арасында педагогика тармагындагы доктордук даражасы (EdD) да белгилүү. Бул доктордук даражаны философиянын доктору даражасы (PhD) менен салыштырууда бир нече окшоштуктар жана айырмачылыктар бар экенин байкаса болот. Теориялык

жактан алганда, эки жак бирибирине окшош болуп, ал эми практикалык аткарылышында алардын бир аз айырмачылыгы бар экенин көрсөбүз.

Педагогика жаатындагы EdD ((Doctor of Education) — педагогика илиминин доктору илимий даражасы) - бул билим берүү маселелерин чече алган билим берүү адистерин даярдоого багытталган илимий даража, ал эми PhD доктору болсо, бул жактан көбүрөөк теориялык, эки жактуу социалдык изилдөө даражасы катары, изилденүүчүнү илимий ишмердикке жана мугалимдик кесипке, көбүнчө белгилүү бир илимий чөйрөгө жараша (мисалы, билим берүүнүн философиясы, социологиясы жана у.с.) даярдайт. Чындыгында, эки программанын ортосундагы айырмачылыктар бар болгону менен, алардын окуу планында, доктордук диссертациялык ишти жазууда жана башкаларда окшоштук жактары да арбын. 1950-1990-жылдар аралыгында жазылган диссертациялык изилдөөлөрдө эки даражанын ортосунда фундаменталдык жана прикладдык натыйжалардын мааниси боюнча эч кандай айырмачылык жок экендиги аныкталган. Бирок, ошол эле изилдөөлөрдө "доктордук диссертациялар көп вариативдүү статистиканы камтып, жалпылаштырган мүнөзгө ээ болуп, жана айрым учурларда программаны иш жүзүнө ашырууда айырмачылыктар көп кездешет" деп табылган. Мисалы, EdD программасында даярдалган диссертацияларда көбүнчө жалпылык мүнөздөгү изилдөөлөр жүргүзүлүп, көбүн эсе анда билим берүүнү башкаруунун көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган илимий изилдөө иштери орун алган. Алардын бирден бир айырмасы, бул биринчи кезекте, кайсыл илимий мектеп кайсыл даражаны сунуштай тургандыгында, жана ушуга жараша диссертациялык илимий изилдөө иштери талап кылынгандыгы менен байланыштуу болгон. Буга мисалы, Карнеги аттуу билим берүү тармагындагы Долбоордо(CPED) доктордук даражага багытталган "педагогика тармагындагы кесиптик доктордук даража педагогторго кызматтарын так аткарууга ылайыктуу билим берип, анда практикалык тажрыйбаларды да колдонууга, жаңы илимий ачылыштарды жасоого жана жетекчилик кылууга даярдайт" деп айтылат. Башкача айтканда, CPED Долбоору EdD профессионалдык педагогикалык доктордук даража катары сыпаттап, мында студенттер жаңы билимди жаратууга даярданышаары белгиленген. Бул жактан алып карганда, PhD доктордук даража да жана EdD даража да илимий изилдөөчү доктордук даража катары эсептелээри тастыкталат. Мындай жыйынтыкка, Чикаго университетиндеги Улуттук Пикир Изилдөө Борбору тарабынан жүргүзүлгөн, алты федералдык агенттик тарабынан каржыланган жана Улуттук Илим Фонду Актысына ылайык, бардык аккредиттелген мекемелердеги докторантураны бүтүрүүчүлөрүнөн суралган сурамжылоонун негизинде келишкен. Америка Кошмо Штаттарынын окуу жайларында педагогика тармагындагы докторлорду, мисалы, билими боюнча дарыгер доктордук даражасын Вебстер университетинде, билим берүү чөйрөсүндө философиянын доктору даражасын Стэнфорд университетиде, жана ушундай эле билим берүүгө тиешеси бар философиялык илимий даражадагы докторлор (PhD) Лос-Анджелес, Миссури жана Пенсильвания университетеринде да даярдала баштаганы белгилүү болду. Ушул акыркы үч окуу жайында PhD менен EdD доктордук даражалардын айырмачылыгы ар кандай түрдө да болушу мүмкүн деген ойдобуз. Мисалы, Иллинойс Университетинде билим берүү тармагында философиянын доктору даражасына жетүү үчүн диссертациялык эмгек жазылып, бүтүрүүчү, академиялык билимге жаңы салым кошуусу керек, ал эми EdD даражасы, талапкердин академиялык билими кесиптик ишмердигинде практика жүзүндө колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө багытталып иштелип чыккан. Колумбия университетинин педагогикалык колледжинде да PhD докторантура илимий изилдөө жасоону каалаган студенттер үчүн иштелип чыгып, ал эми EdD программасы билим берүү чөйрөсүн башкарууга, окуу-тарбиялоо мекемелерин жетектөөгө жана андагы таалим-тарбия берүү саясатын ишке ашырууну камтыган кеңири максаттар үчүн иштелип чыккан. Ошону менен бирге, Сент-Луис университетинде болсо педагогикалык изилдөө

программасында (EdD) "билим берүү практикасындагы негизги көйгөйдү чечүү аркылуу долбоорду ийгиликтүү аяктоону" талап кылышкан. Ал эми доктордук даражаны алуу үчүн диссертация жазып жана диссертацияда берилген сунуштамаларды оозеки коргоо керек экен.

Биздин аныктообузда, көпчүлүк илимдин докторлорун даярдоого багытталган программалар, диссертацияларды жазганды жана оозеки коргоогонду талап кылышат. Бирок, кээ бирлеринде, альтернатива катары болгону илимий долбоор түзүп, анан ага тиешелүү илимий эмгектерди басып чыгаруу жетиштүү болгон.

Андан аркы өзгөрүүлөргө, башкача айтканда, батыш мамлекеттеринде билим берүү чөйрөсүндө жүргүзүлгөн реформаларга токтолсок, АКШынын айрым мектептерде EdDди даражасы атайын түзүлө баштаганын байкайбыз. Аларга мисалы, Нью-Йорк университети, Остиндеги Техас университети жана Берклидеги Калифорния университети киришет. Билим берүү ишмердүүлүгүнөн тышкары, EdD программалары реалдуу көйгөйлөрдү, анын ичинде клиникалык психикалык жардам берүү максатына багытталган саламаттыкты сактоо жана адам ресурстарын өнүктүрүү маселелерин чечүү үчүн да иштелип чыкканын көрө алабыз. Карнеги фондунун президенти Ли Шульман, EdD менен PhD ортосунда айырмачылыктын жоктугун белгилөө менен бирге, EdDди PhDиге салыштырмалуу жогорку деңгээлге көтөрүлө алганына токтолгон. Ошону менен бирге, анын, муну кооптуу көрүнүш деп эсептеп, мындай учурда «практикалык даярдыкка да, илимий изилдөө иштерине да толук кандуу даярдык көрбөй калабыз» деп тынчсызданганы белгилүү.

Колумбия университетинин педагогикалык колледжинин мурдагы президенти Артур Левин EdD доктордук даражасы илимпоздор менен кошо мекеме жетекчилерине да берилерине токтолуп, бул көрүнүш туура эмес экендигин эскерткен. Артур Левиндин айткан сөздөрүндө, билим берүү чөйрөсүн башкаруучуларын даярдоо программаларына бул көрүнүш терс таасир этээри, доктордук даражанын мектеп жетекчисине эч кандай кереги жок экендиги жөнүндө ойлор камтылат.

Колумбиядагы Миссури университетинин жогорку билим берүү профессору Барбара К. Таунсенд, Калифорниядагы мектеп жетекчилеринин 2000-жылы жүргүзгөн сурамжылоосуна таянып, билим берүү тармагында доктордук даражалар көбүнчө курулай убаракерчиликтен жана алардын статусун жакшыртуудан улам изделет деп эсептейт. Анда EdDдин эң чоң маанисин "символикалык баалуулук (лидерликтин негизине ишеним жана урмат-сый)" деп аныкташат, андан тышкары билим берүү жаатында доктордукка ээ болуу бүтүрүүчүнүн профессионалдуу администратор болуу жөндөмүн өркүндөтөт деген далилдүү изилдөөлөр жана далилдер бар экендигин кошумчалайт. Азыркы учурда бир топ окумуштуулар билим берүү жаатында эки багытка тең тиешелүү, EdD жана PhD докторлору үчүн, реформаларды жүргүзүүнү сунуш кылышып, профессионалдык билим берүү практикасы үчүн жаңы доктордук даражаны кабыл алууну, бул доктордук даража мееменин жетекчилерине, билим берүүнү көзөмөлдөөчүлөргө, билим саясаттын координаторлоруна, окуу программасын түзүүчү адистерине, мугалим-тарбиячыларга берүүнү сунушташат. Билим берүү тармагындагы PhD доктордук даража менен EdDдин ортосундагы айырмачылык биомедицинадагы доктор менен медицина илиминин доктору даражаларынын айырмачылыгына окшош деп айтылып да жүрөт.

Ошондой эле, жогоруда сунушталган жаңы даражаны Кесиптик Практикалык Доктор (PPD) деп атаса болот, же болбосо ал EdD деген эски аталышын сактап, бирок эски түшүнүктөрдөн арылыш керек деген ойлор да басымдуулук кылат. Мисалы, Артур Левин учурдагы EdD доктордук даражаны жаңы профессионалдык магистр даражасына чейин жаңыртыш керек деп, көп жагынан бизнести башкаруу магистрине (MBA) окшоштурган ою белгилүү.

Ал эми Дэвид Имиг аттуу дагы бир чет элдик окумуштуу EdDге тиешелүү реформаларды көпчүлүк илимпоздор чогулткан маалыматтарды талдоону камтыган биргелешкен иш деп мүнөздөйт. Биздин түшүнүгүбүздө, мында мурдагы замандын аспиранттарындай болуп, өз алдынча маалыматтарды изилдеп чыгуунун жана гипотезаларды текшерүүнүн ордуна, EdD доктордук даражасына даярданган докторанттар ар кандай илимий чөйрөдөн алынган белгилүү бир маалымат топтомун талдап чыгышып, андан ары ар бир докторант өз алдынча маалыматтын белгилүү бир аспектиси боюнча жеке диссертация жазып, аны башка докторанттардын эмгектери менен байланыштыруусу зарыл, жана ушундай жол менен диссертацияларда, илимий көйгөйдү комплекстүү чечиши керек деген ойду байкасак болот.

Жогоруда айтылган Карнеги билим берүү тармагындагы PhD долбоору учурда 80-ден ашуун мекемелер менен тыгыз байланышта болуп, EdD долбоорун алар менен биргеликте иштеп чыгып, аны керектүү жана актуалдуу кылып көрсөтүп, мектеп практиктери менен клиникалык мугалимдерди, илимий жетекчилер менен окуу жайлардын кызматкерлерин тереңирээк окутууну сунуштайт.

Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе, жогоруда айтылган окутуу мекемелериндеги болуп жаткан өзгөрүүлөргө чейин эле билим берүү тармагында көптөгөн реформалар жүргүзүлүп келинген. Мисалы, 2013-жылы Гарвард университетинин алдындагы Жогорку билим берүү мектеби EdD токтомунун акыркы программасын кабыл алган. Учурда бул мектеп билим берүүнүн лидердик даражасын (EdLD) жана билим берүү тармагына тиешелүү доктордук даражасын алууну кардалдарга сунуштап келет.

Жыйынтыктап айтканда, бул макаланын мазмунунда илимий доктордук даражалардын түрлөрү камтылып, алардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын талдап чыгууга аракет жасалды жана бул доктордук даражага тиешелүү маселелерди изилдеген окумуштуулар менен студенттерге жардам берет деген үмүттөбүз.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Реформа высшего образования в Европе (Болонский процесс) [Электронный ресурс]. – 2010. – Режим доступа: http://www.skachatreferat.ru, свободный.
2. Даргын, Ч. К., Захаров, Н. В. От обучения к науке: о статусе кандидатских и докторских диссертаций в российском и западном образовании //Человеческий потенциал России: информационно-исследовательский портал Московского гуманитарного университета [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.hdirussia.ru, свободный.
3. Кожобеков М.Ч., Чекиров К.Б., Мамбаева С.К. Особенности подготовки докторов (PHD) на базе Кыргызско-турецкого университета Манас // Международный журнал экспериментального образования. – 2018. – № 7. – С. 18-23;
4. Косинска, А. Интеграция Польши в Болонский процесс: плюсы и минусы /А. Косинска, Т. Дмоховски // Казанский государственный технологический университет [Электронный ресурс]. – Режим доступа: oms.kstu.ru/rus/information/ Poland.htm, свободный.
5. Ученые степени и звания за рубежом // Вуз тест: учиться легко. Образованиеи самообразование [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://vuztest.ru,свободный.

6. Скандинавская школа. Высшее образование в Норвегии [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.nordicschool.ru, свободный.
7. Тарасова О. А. Система народного образования в Великобритании // Образование в современном мире: достижения и проблемы: коллективная монография / под ред. академика ГАН РАО Ю. С. Давыдова. – М.; Пятигорск: РАО-ПГАУ, 2009.

***Рецензент: Эсенкулов Н.Ж.*** *– тарых илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы*

*КМУнун профессору*